**УДК. 371.3(575.2)**

**ТУРПАНОВА Ж. А.**
Муса Рыскулбеков атындагы КЭУ
**ТУРПАНОВА Ж. А.**
КЭУ им. Мусы Рыскулбекова
**TURPANOVA YY. A.**
KUE Musy Ryskulbekov

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА ДРАМАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ

ПРЕПОДАВАНИЕ ДРАМАТИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

METHODS OF APPLICATION OF PEDAGOGICAL TECHNOLOGIES

**Аннотация:** Бул макалада драмалык чыгармаларды окутуунун ыкмалары жөнүндө кеп болот. Драмалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү, анын негизин түзгөн конфликттер, каармандардын образдары, алардын диалогдору, окуянын чечилиши сыяктуу маселелер каралат. Мугалим драмалык чыгармаларды окутууда эсине алуучу жагдайларга көңүл бурулат. Драмадагы окуянын өнүгүшү, каармандардын кулк-мүнөздөрдүн ачуу аркылуу талдоонун жолдору көрсөтүлөт.

**Аннотация:** В этой статье обсуждаются способы преподавания драмы. Рассмотрены такие вопросы, как особенности драматического произведения, составляющие его основу конфликты и образы персонажей, их диалоги, развязка произведения. Моменты которые
учитель должен учитывать при обучении драматических произведений. Способы анализа развития сюжета в драме, раскрытие характеров.

**Annotation:** This article discusses ways to teach drama. Issues such as the features of a dramatic work, the conflicts and images of characters, their dialogues, and the denouement of the work are considered. Points that the teacher should take into account when teaching dramatic works. Ways to analyze the development of the plot in the drama, the disclosure of characters.

**Негизги сөздөр:** сахна, пьеса, реплика, декорация, карама- каршылык, мүнөз, конфликт, интерактивдүү метод, өзгөчөлүк, элестөө, диалог.

**Ключевые слова:** сцена, пьеса, реплика, декорации, противоречие, персонаж, конфликт, интерактивный метод, особенность, воображение, диалог.

**Key words:** scene, play, cue, scenery, contradiction, characte r, conflict, interactive method, feature, imagination, dialogue.

Билим берүүгө коомдун улам өзгөрүп-өнүгүүсү, жаңылануулар таасирин тийгизүүдө. Демек, билим берүү да коом менен бирге өзгөрүлүшү керек. Заманга ылайык кесиптер, көз караштар, түшүнүктөр, билимдер да сапаттуу өзгөрүүлөргө багыт алышы керек. Окутуу, билим берүү, тарбия берүү, окуучунун инсандык көз карашын калыптандыруу, көндүмдөргө, жөндөмдөргө үйрөтүү милдетибиз болгону менен сапаттуу билимге максаттуу бара жатабызбы деген маселе жаралат. Заманбап коом

окутууга жаңы талаптарды коюуда. Азыркы кҥндҿ окуучулардын искусствого, кҿркҿм чыгармаларга, маданий жана эстетикалык дҿҿлҿттҿргҿ карата табити ҿзгҿрдҥ.

Окуучулардын кҿз карашы калыптанган инсан болуп тарбияланышына драмалык чыгармалардын чоң салымы бар. Мында, албетте, сҿзсҥз мугалимдин катышы бар. Анткени, мугалим алдын ала кайсы учурларга, урунттуу окуяларга кҿңҥл бурдуруунун планын иштеп чыгат. Биз окутуу жолунда салтка айланган методду же интерактивдҥҥ методду тандайбызбы, билимдҥҥ жана чыгармачыл мугалимдин аракети болбосо, бардык эле окутуу максатына жете бербейт.

Драмалык чыгармаларды окутуу методикасын ҿркҥндҿтҥҥ ҥчҥн, ылайыктуу методдордун, ыкмалардын айкалышын табуу окуучулардын кабыл алуулары, кҿндҥмдҿрҥ калыптанышына ҿбҿлгҿ тҥзҿт. Драмалык чыгармаларды мыкты ҿздҿштҥрҥҥ ҥчҥн окуучунун жаш ҿзгҿчҿлҥгҥнҿ ылайык чыгарма тандалат. Чыгармага кызыгуу пайда болушу ҥчҥн этика, эстетика, маданият таануу, философия, тарых, педагогика, психология жана башка илимдер менен тыгыз байланышта окутуу ар кылуу жетишҥҥгҿ болот. Чыгармаларга кызыгууну жаратуу ҥчҥн адабият теориясын да сабаттуу пайдалануу зарыл.

«Пьеса – драма, комедия – адабияттын эң татаал формасы, – деп жазган М.Горький : романда, повестте автор баяндаган адамдар анын жардамы менен аракет этет, дайыма жазуучу менен бирге, автор окурманга аларды кандай тҥшҥнҥҥ керектигин айтып турат, жашырын сырларына, тҥрдҥҥ кырдаалдарына тҥшҥндҥрмҿ берет, алардын кҿңҥлҥн жаратылышты, шарт-жагдайларды сҥрҿттҿҿлҿргҿ бурат, алардын аракеттерине, иштерине, сҿздҿрҥнҿ, мамилелерине кийлигишет. Пьесанын ар бир катышуучусу ҿз мҥнҿзҥн сҿзҥ менен иши аркылуу, автордун кийлигишҥҥсҥз ачып берилишин талап кылат...» [1,76-б.].

Драматург ҿзҥнҥн каармандарынын мҥнҿздҿрҥ тууралуу баяндабайт, алардын иш-аракетинен кҿрсҿтҿт. Автордук мҥнҿздҿмҿнҥн берилбегендиги, портреттик сҥрҿттҿҿнҥн жана прозалык чыгармага мҥнҿздҥҥ башка образдардын компоненттеринин жоктугу, драмалык чыгармаларды кабыл алууда окуучуларга кыйынчылык жаратат. Ошондуктан окутуунун жолдорун издҿҿдҿ бир жагынан, окуучуларды бҿтҿнчҿ адабий тек катары драмалык чыгармалардын ҿзгҿчҿлҥктҿрҥ менен тааныштырсак, экинчи жагынан, окутулуп жаткан чыгармалар театралдык сценага арналган чыгарма болгондуктан, окурманга терең ой жҥгҥртҥҥнҥ талап кыларын тҥшҥндҥрҥҥгҿ тийишпиз. Драмалардын ҿз алдынчалуулугу эпостон жана лирикадан айырмаланып, мектепте драмалык чыгармаларды талдоодо колдонула турган методдор жана ыкмалар бир катар суроолорду жаратат, иштин актуалдуулугу ушул маселелерди чечҥҥдҿ жатат.

Драмада маанилҥҥ мазмундук категория болуп конфликт эсептелет. Албетте, конфликттер эпосто деле бар, алар лирикалык чыгармаларда да болушат, бирок алардын ролу драмадагыдан башкача. Конфликттердин тандалышы жана аларды системалоо кҿбҥнчҿ жазуучунун кҿз карашынын ҿз алдынчалыгын аныктайт, драмалык кагылышуулар – каармандардын жашоосун жана мҥнҿздҿрҥн ачууга багытталган. Конфликт пьесадагы сюжеттик кыймылдын ритмин жана багытын шарттайт.

Конфликт менен мазмундун жыш болушу, драмалык чыгармаларда алардын берилиши, тҥрдҥҥ мҥнҿздҿ кездешет. Конфликт кҿп тҥрдҥҥ мазмуну, ар кыл кызматы менен драманын ҿзгҿчҿлҥгҥн тек катары аныктаган жалгыз компонент эмес. Конфликтти талдоо мектепте негизги багыт болуп эсептелет, себеби, жогорку класстын окуучулары ҥчҥн мҥнҿздҿрдҥн жана кҿз караштардын кагылыштарын анализдҿҿгҿ кызыгуу жогору,

анда жамандык менен жакшылыктын күрөшү аркылуу чыгармадагы проблемалар ачылат. Конфликтти изилдөө менен окуучулардын ой топтоого (мотивге) жеткенин, каармандардын кептери менен иш-аракеттеринин артындагы автордук көз караштын аныктоого алабыз.

Драмалык чыгармаларда, эпикалык жана лирикалык жанрларга караганда, автордук сүрөттөөлөр, баяндоолор, чегинүүлөр жок. Автордун кеби ремаркаларда гана берилет. Драмадагы каармандар менен эмне окуя болсо, окурман же көрөрман ал жөнүндө дал ошол каармандын өзүнөн билет. Драматург каармандарынын жашоосу тууралуу айтып бербестен, аны иш жүзүндө көрсөтөт.

Драмалык чыгармалардын каармандары өздөрүнүн иш-аракети аркылуу көрсөтүлгөндүгүнөн, алардын кеби да бир катар өзгөчөлүктөргө ээ: эпикалык чыгармалардын кептерине караганда, алардын кеби кылык-жоруктарына байланыштуу, динамикалуу жана экспрессивдүү. Драмалык чыгармаларда интонация, тыным, үндүн тону да, башкача айтканда, бардык тилдик өзгөчөлүктөрдүн чоң мааниси бар, алар сценада конкреттүүлүккө ээ.

Драматург эреже катары, каармандардын мүнөзүн ачып бере турган гана окуяларды чагылдырат жана алардын арасында курчуп бараткан күрөштү жаратат. Чагылдырылган көрүнүштөн тышкары, окуянын өнүгүшүн басаңдаткан башка турмуштук фактылар жокко чыгарылышат.

Эпостон жана лирикадан айырмаланып, драмалык жанрдагы чыгармалар театр үчүн жазылат жана өзүнүн негизги милдетин сахнада аткарылуу менен аяктайт. Театр өз мыйзамдарына баш ийдирип, аларга таасирин тийгизет. Драмалык чыгармалар, мисалы, көрүнүштөргө, сценаларга жана окуяларга бөлүнүшөт, алардын алмашышы декорацияларды жана костюмдарды алмаштырууга арналат. Болжолдуу пьесанын үч, төрт көрүнүшүндө, башкача айтканда, спектакль коюлган 1,5 – 2 саат ичинде, драматург конфликттин келип чыгышын, анын өнүгүшүн жана чечилишин көрсөтүшү керек. Драматургдарга коюлган бул талаптар, каармандардын мүнөздөрү абдан ачык байкалгандай, жашоодогу окуяларды жана көрүнүштөрдү тандоого аларды милдеттендирет.

Драмалык чыгармалардын театрдан дагы бир көз карандылыгы бар. Ал пьесаны сахна менен, өз элестөөсү аркылуу бириктирген адам – бул көрүүчү. А.В.Луначарский айткандай : «... театр форма болсо, мазмунун драматургия аныктайт, актерлор өз аткаруулары менен образдарга кошумча боёкторду кошот. Сахна автордун сүрөттөөсүнүн ордуна колдонулат» [2,98-б.]. Пьесаны окуганда тигил же бул каармандардын образдары же ролду аткаргандардын образдары, көз алдыга келет. Театр башка искусствонун түрлөрүнө караганда жашоо тууралуу толугураак чагылдырат. Сахнада болгон нерселер көрүүчү тарабынан өзгөчө курч жана түздөн-түз кабыл алынат. Драматургиянын тарбия берүүчү зор күчү мына ушунда.

«Драма сценада гана жашайт. Ансыз ал денеси жок жан сымал», – деп Н.В.Гоголь туура белгилеген [3,82-б.]. Драмалык чыгарманын өзгөчөлүгү сахнада коюуга ылайык жазылган чыгарма. Драмалар театрга арналып жазылгандыктан, анын каармандарынын мүнөздөрү сүйлөшүү – диалог аркылуу берилет. Драмалык чыгармаларда автордун көз карашы ачык берилбейт, аны окурмандын же көрөрмандын ой жүгүртүүсүнө, көңүл буруусуна калтырылат. Автордун кийлигишүүсүз эле, каармандардын монологдоруна, диалогдоруна, репликаларга карап окурман окуя болуп жаткан жерди, мезгилди, каарман жашаган акыбалды, алардын кебете-келбетин, сүйлөө жана угуу адатын, алардын

кыймылдарын, жаңдоо, ымдоолорун элестете алышат. Ошону менен бирге айтылган сөздөрдөн жана кылган иштеринен каармандардын жан дүйнөсүндө эмне болуп жатканын сезе билүүгө жана түшүнүүгө болот. Кээде сценада аткарылбай эле, айтылган репликалардан драманын каармандарынан тышкары эмне окуялар болгонун көрүүчүлөр же окурмандар эркин элестөө менен кабыл алууга мүмкүндүктөр да берилет.

Драмалык чыгармалардын борборунда турмуштагы конфликттер турат, аны чечүү каармандардын катуу кармашынан, жагдайлардан, өзү менен өзү толгонуулары менен чечилет. Драмадагы кубулуштун маанисин окуянын өнүгүшү катары кароо жана кулк-мүнөздөрдү ачуу менен талдоо максатка ылайык. Драмалык чыгармаларды окутуунун алгачкы этабында окуя толук же тандалып окулушу керек. Жалпы пьеса жөнүндө окуучулар көңүл буруусу үчүн, окуучулар негизги кон фликтти, анын келип чыгышын туя билүүнү камсыз кылуучу суроолорду берүү керек. Пьесадагы конфликт окуянын жүрүшү менен өнүгөт. Драмада каармандардын ортосундагы конфликттер улам жаңыланып, улам курчуп, адамдардын мүнөздөрү шарт, кырдаалдарга байланыштуу өзгөрүп, өөрчүп отурат.

Драмалык чыгармаларды окутуунун алгачкы этабында негизги конфликттин чечилиши менен катар окуучуларды катышуучу каармандар менен тааныштыруу жүрөт, карама-каршылыктардын күрөшүндө алар кандай роль ойношот деген суроо чечмеленет. Кээ бир каармандардын аттары, драманын аталышы да конфликт эмне жөнүндө болору тууралуу маалымат берүүсү мүмкүн. Драмада мүнөздөр өзгөчө карама-каршылыктардын жана конфликттердин негизинде түзүлөт. Драмадагы мүнөздөр курч сезимдердин кагылыштарында аныкталат. Берилген бир актыдагы окуялардын өнүгүүсүнүн ички логикасына байкоо жүргүзүү аркылуу талдоо – мугалимдердин жана окуучулардын негизги маселеси. Окурмандын көңүлү көбүнчө себеп-натыйжа байланышын издөөгө бурулат. Драмада кездешкен ар бир чечим, ар бир иш-аракет, ар бир толгонуу, бир жагынан уланган иш-аракеттин, толгонуунун, окуянын, чечимдин үзгүлтүксүздүгү, экинчиден – себеп-натыйжа жана мындан ары улана турган сюжеттер, окуялар. Драмалык окуялардын активдүүлүгү, максатка чечкиндүү умтулуусу мына ушундан улам экени талашсыз. Анда
адамдын катуу чыңалуудагы ички күчү жана толгонуулары көрсөтүлөт, ошондуктан анын мүнөзү толук ачылат.

Драмалык чыгармаларды окуунун алдында силер чыгарманын атын укканда эмнени элестедиңер? Драма эмне жөнүндө экенин билесиңерби? деген сыяктуу суроолор берилиши керек. Андан кийин, чыгарма окулуп бүткөн соң, чыгарманын мазмунуна ылайык келген проблемалуу суроолор коюлушу зарыл. Мындан тышкары, драма сага эмнеси менен жакты? Эмнеси жаккан жок? – сыяктуу суроолорду берүү шарт.

Драмалык чыгармалардагы турмуштук конфликттерге көңүл буруу, ар бир кубулушту окуянын өнүгүшү катары, мүнөздөрдү ачууга багыттоо, чыгарманы анализдөөдө «авторду ээрчүү» каармандардын мүнөзүн терең түшүнүүгө жардам берет, анткени алардын мүнөзү окуянын чыңалуусунда, конфликттердин чечилишинде анык болот. Драматург драманын борборуна кайсы проблеманы койгон, конфликттин чечилиши, чыгарманын идеялык маанисин түшүнүү сыяктуу маселелер чыгарма окулуп жаткан учурда унутулбай, проблемалык суроолор менен коштолуп турушу шарт. Ошондой эле, негизги сценалардан үзүндүлөр мугалим тарабынан окулуп, ага тиешелүү комментарий берилип жүрүп отурат. Бул пьесадагы конфликттерди аныктоодо, окуянын

өнүгүшүнө жана чечилишине байкоо жүргүзүүдө чыгарманын көркөм-эстетикалык сырын ачууга багыт берет.

Окуучуларга драмалык чыгарманын каармандарынын кулк-мүнөздөрүн, алардын ички дүйнөсүн ачып берүү – көркөм образдын үстүндө иштөө мугалим тарабынан тандалып алынган методдордун жана ыкмалардын табиятына жараша өтөт. Көркөм окуу, диалогдорду ролдорго жараша үн кубултуп окуу, баяндоо окуучулардын образдарды талдоосуна шарт түзөт. Окуучуларга үйрөтүлүп жаткан драманын конфликттеринин келип чыгышын түшүндүрүүдө каармандардын кебинин эмоционалдуу жагын көрсөтүүнүн мааниси зор. Анткени, образдын поэтикалык кеби, драманын логикалык оюна, мүнөздөрдүн ачылышына аныктык киргизип турат. Чыгарманы кабыл алуу толгонууга алып келет, образды көз алдына келтирип элестөө окуяны тез өздөштүрүүгө түрткү берет.

Драмалык чыгармаларды кабыл алуунун, түшүнүүнүн эң жогорку чеги – анын театрда коюлушу жана аны окуучулар көрүп, өз алдынча бир пикирге келиши эсептелет. Анткени, окуучулар режиссерлор, актерлор иштеп чыккан ар бир каармандын кулк-мүнөзүн, ой-мүдөөсүн даяр түрүндө кабыл ала алышат. Керек болсо тарыхый доорго ылайык кийими, декорациялар, актерлордун жест-мимикалары, үн кубултуусунан бери чыгарманы түшүнүүгө алда канча жеңилдиктерди жаратат. Ошондой эле эстетикалык табитти калыптандырат. Бирок тигил же бул драмалык чыгарманы окутууда театр репертуары менен окуу программасы дал келбейт. Драмалык чыгармалардын текстин окутуу, үн кубултуп окутуу, ролдорго бөлүштүрүү аркылуу текстти окутуу, текстти тынымдарга бөлүп, акыл чабуулун пайдалануу аркылуу проблемалык суроолорду коюп, каармандардын мүнөздөрүнө баа берүү жолдору аркылуу окутулуп жаткан драманын маани-маңызын ачып берүүгө умтулабыз.

Драмалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү каармандардын диалогдору аркылуу алардын мүнөздөрүнүн ачылышында. Ар бир каарман өзү кандай адам экендиги жөнүндө кабар берет. Ар бир айткан сөзүнөн, элге кылган мамилесинен, кыймылынан, анын кандай адам экендигине ой топтоп, көрүүнүн негизинде каармандын образы ачылат. Ошондуктан спектаклди көргөндөн кийин же текст окулуп бүткөн соң, ким кандай каарман экендигин окуучулар бат эле аныктай алышат. Албетте, мугалим эмне үчүн андай каарман деп ойлоорун окуучудан сурап, улам алдыга жетелеп жүрүп отурушу зарыл. Ошондой эле, каармандардын турмушундагы бурулуш учурларга, курч конфликттерге өзгөчө маани -баа берүүгө, анын натыйжасында окуянын чыңалышы, драмалык мүнөздөрдүн ачылышы, окуялардын чиелениши, каармандардын ой-толгоолору, монологдору, мына ушуларга өзгөчө көңүл бурдуруу үчүн атайын мурдатан даярдалган суроолорду коюу керек. Окуянын чечилишине туура суроолорду берүү менен окуучуларды багытташыбыз керек. Бул суроолорго жооп издөө менен балким, окуучулардын бири-бирине бере турган талаш-тартыштуу суроолору жаралышы мүмкүн. Талаш-тартышты окуучулардын окуган чыгармага өз алдынча баа берүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн пайдалануунун мааниси чоң. Адабий чыгармада каармандардын образын дал ушундай түшүнүү керек деген эреже, чек жок. Бир эле каармандын образын ар башка окурман ар түрдүү түшүнүп кабыл алуулары мүмкүн. Ар бир көркөм чыгарманын өзүнө тиешелүү бүтөнчөлүгүнө, жалпы класстын билим деңгээлине, чыгармада көтөрүлгөн проблемага карата атайын талаш-тартыш маселелерди козгогон суроолорду берүү менен

окуучуларды сабакка кызыктырып, анын жандуу ӛтүшүнӛ аракет кылуу сабактын натыйжалуулугун арттырат. Ал максатка жетүү үчүн мугалим тӛмӛнкүдӛй иштерди аткарууга тийиш: даяр жоопторго канааттанып отура бербестен, окуучуларды ойлонууга үйрӛтүү; окутулуп жаткан чыгармалар боюнча окуучуларга изилдӛӛчүлүк суроолорду берүү, жӛндӛмдүүлүктӛрүн ӛнүктүрүү; окуучуларды кӛркӛм тексттер менен иштӛӛгӛ үйрӛтүү жана аларды ӛз турмушу менен байланыштыруу; окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн ӛстүрүү (ар түрдүү контексттерди кӛрӛ билүү, аргументтүү ой айтуу); класста эркин жана ачык акыбалды түзүү жана жоопторду колдоо (талкууда бардык окуучулардын укуктарын бирдей коргоо); классты жетекчиликке алуу (тапшырмаларды түшүндүрүү, иштӛӛ тартибин аныктоо).

Мугалимдин милдети драмалык чыгарманын баалуулугун жоготпой, бүгүнкү күндӛгү мааниси жӛнүндӛ да кам кӛрүшү шарт. Бул башкы маселе чыгарманы окутуунун бардык этаптарында сакталат.

**Колдонулган адабияттар:**

Горький М.А. О литературе. – М.: изд. АН СССР, 1955. – 672 с.

Луначарский А.В. О театре и драматургии : В 2 т. Искусство, Т.1. Русский дореволюционный и советский театр. – М.: 1958. – 379 с.

Гоголь Н.В. Собрание сочинений: В 6 т. – М.: Политиздат. Т.2., 1977. – С.433.

Алымов Б.А. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. – Ф. Мектеп, 1984. –334 б.

Байгазиев С.О. Азыркы кыргыз драматургиясындагы кӛркӛм конфликт жана каармандын мүнӛзүндӛгү адеп-ахлактык изденүүлӛр (1960-1970-жж.) – Ф. 1984. – 168 б.